**5.12.**

# №97 ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ ОРТО МЕКТЕБИНИН ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК ДЕҢГЭЭЛИ ЖОГОРУ ОКУУЧУЛАР МЕНЕН ИШТӨӨ ЖОБОСУ

**КАРАЛДЫ**

Педагогикалык кеңештин
№ 3 токтому

«9» январь 2023-ж.

**БЕКИТЕМ**

№97 жалпы орто билим берүү мектебинин директору

_________ З.Э. Жээнтева

«9» январь 2023-ж.

**№97 жалпы орто билим берүү мектебинин интеллектуалдык деңээли жогорку окуучулар менен иштөө**

**ЖОБОСУ**

**1.Жалпы жобо**

1.1. Зээндүү бала – бул же тигил иш аракеттерде жогорку жетишкендиктерге ээ болгон бала, Жөндөмдүү таланттуу адам -коомдун өзгөчө байлыгы, Коомдун рухий потенциалы жана анын материалдык прокресси -жөндөмдүү таланттуу адамдардын иш аракетине көз каранды, Коомчулуктун , изилдөөчүлөрдүн алдына негизги промлема катары таланттуу шыктуу балдардын жөндөмүн өнүктүрүү коюлган .

1.2. Максаттар жана милдеттер

**Максаттар:** Мектептеги жөндөмдүү окуучуну ар тараптан өнүктүрүүдө, жеке аң-сезиминин деңгээлин көтөрүүгө сапаттуу билимге ээ болуу, интеллектисин өнүктүрүүгө, руханий байлыгын кенейүүгө, саламаттыгын сактоого, өнүгүп, өзгөрүп турган заманбап коомдун турмушуна ыңгайлашып кетүүгө, мектепти бүткөндөн кийин өз алдынча өнүгүп кетүүсүнө шарт түзүп берүү .

**Милдеттер:** Окуучулардын жөндөмдүүлүгүнө предметке болгон кызыгуусуна карата интеллектуалдык денгээли жогору баланы аныктоо топтоо.

Сабак учурунда предметтик мугалим менен биргелешип, жекече иштөөнүн негизинде балдардын өзгөчөлүгүн байкоо жана анын жөндөмдүүлүгүн өнуктүрүүнүн үстүндө иштөө

Балдардын жөндөмдүүлүгүнө жараша мектептеги жана мектептен тышкары ар кандай кружокторго, илимий – техникалык билим берүү борборлоруна катыштыруу.

Таланттуу балдардын интеллегин текшерүү максатында "Акыл таймаш" конкурстарын, предметтик интеллектуалдык оюндар, тематикаллык конкурстарды, илимий – практикалык семинарларды, көргөзмөлөрдүү жана башка иш чараларды уюштуруу.

Жөндөмдүү окуучулардын өсүүсүн жогорку деңгээлде уюштуруу .

1.3. Интеллектуалдуу балдар менен иштөөнүн принциптери:

- окуучулардын жеке чыгармачылыгын өнүктүрүүгө карата чөйрө түзүп берүүсү;
- окуучулардын акыл иш аракеттерин системалуу калыптандыруу;
- өркүндөтүлгөн окутуу;
- промлемдик окутуу;
- программалаштырып окутуу ;
- таанып билүү кызыгууларны өркүндөтүү ;

- окутууну оптималдаштыруу ;
- окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн активдештирүү;
- кошумча окумуштуулардын ,практиктердин жекече сабак берүүсү;
- окуучулардын илимий көз караштарын түзүү , аларды илимий иштердин айрым ыкмаларына тарттуу;

Алдын ала окутуунун принциптери;

- Ишкердүүлүктүн баардык ыңгайлуулуктарны түзүү принциптери;
- Окуучулардын баардык жөндөмдүүлүктөрүн өнуктүрүү жолдору;
- Сабактан тышкары учурунда чыгармачылыкты өстүрүүнүн ролу;
- Окутууну өркүндөөтүүнүн принциби;
- Өз ыктыяры менен өнүгүүнүн принциби .

1.4.Жобого катышкан катышуучулар

- Мектеп администратциясы (директор, завучтар).
- Мектептеги МБ жетекчилери.
- Предметтик мугалимдер
- Мектептен тышкары илимий окумуштуулар
- Класс жетекчилер
- Секция, кружоктун жетекчилери
- Психолог
- Соц педагог
- Библиотекарь
- Ата энелер

1.5.Жөндөмдүү окуучулар менен иштөө маниторингинин өтүү формасы:

| **Формасы** | **Убактысы** |
|---|---|
| Рефераттар коңкурсу<br>Илимий – практикалык конференция | Жылына бир жолу |
| Предметтик декадалар | Жылдык план негизинде |
| Зээндүү окуучулар менен иштеген педагогдордун иш тажрыйбасынан чыгармачылык отчету | Пед кеңеште |
| Тематикалык конкурстар көргөзмөлөр | Жылына бир жолу |
| Проекттер боюнча ишөө | Жылына бир жолу |
| Олимпиада боюнча иштөө | Жылына бир жолу |
| Жетишкендиктер | Жылына бир жолу |
| Өнүгүү мониторинги | Жылына бир жолу |

**2.Уюштуруу жана функционалдык милдеттер**

Ишти уюштуруу үч багытта жүрөт:

1. Жөндөмдүү  окуучулар менен
2. Педагогикалык кадрлар менен
3. Ата- энелер менен

2.1 Директордун функциясы:

- Окуу жүрүшүндө жөндөмдүү окуучуларга түзүлгөн жылдык пландын негизинде , пландын аткарылышына көзөмөл жүргүзүү
- Жөндөмдүү окуучулар менен иштеген мугалимдерди жана окуучуларды сыйлоо ;

2.2 Завучтун функциясы :

- Жобого ылайыктуу окуу процессине байланышкан 9расписание, окуу пландарды иштеп чыгуу ,коррекциялоо )
- Нормативдик документтерди жасалгалоо
- Программалардын иштелмелери .
- Жөндөмдүү окуучулар менен иштеген иштин отчетун даярдоо
- Жөндөмдүү окуучулар менен иштөөдөгү көйгөйлөр боюнча семинарлар өттүү жана уюштуруу
- Жөндөмдүү окуучулаар менен иштеген мугалимдерге методикалык жардам көрсөттүү .
- Жөндөмдүү окуучулар жөнүндө так маалымат чогултуу

2.3. Медотикалык бирикменин жетекчилеринин функциясы :

- Мектеп ичиндеги декадаларды олимпиадаларды (жылына 1 жолу ) пландоо жана өткөрүү
- Предметтер боюнча жогорку денгелдээги суроолордун жана тапшырмалардын материалдардын иштелмелери ( дайыма )

Жөндөмдүү окуучулар менен иштөө пландарын ,олипиаданын декаданын ,тесттин жыйынтыгын чагылдырылган стентддерди түзүү

Жөндөмдүү окуучулар менен иштеген педагогтордун чыгармачылык отчеттору

2.5 Предметтик мугалимдердин функциясы

Жөндөмдүү окуучуларды тандоо.

Жөндөмдүү окуучулар менен ишт өө планын түзүү .

Жекече иштөөнү уюштуруу

Мектеп ичиндеги жана райондун денгээлиндеги олимпиадаларга конкурс ,викториналарга конференцияларга даярдоо

Окуу кабинеттеринде зээндүү окуучулардын денгээлин көтөрүүгө ылайыктуу материалдарды топтоо

Жөндөмдүү олкуучулардын ата -энелери менен балдарынын өсүү таланттары боюнча маалыматтарды берүү

Жөндөмдүү окуучулар менен иштөө отчетторуна даярдануу .

2.6 Класс жетекчилердин функциясы :

Жөндөмдүү окуучуларды тандоо ;

Жөндөмдүү окуучулар менен иштөөнүн чыгармачылык отчетун уюштуру :

Класс жетекчилерден айрым маалыматтарды алуу ;

Жөндөмдүү окуучулар менен иштөө отчетторуна даярдпнуу